**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛАСТЫ**
**НАРЫН РАЙОНДУК**
**ПРОКУРАТУРАСЫ**

722600, Нарын ш., Жамгырчы уулу А. коч., 11
тел.: +9963522 5-09-79, факс: 5-09-79
narynray_prok@mail.ru р/с №1290244131430030
ОКПО 20032278 ИНН 02611199710057

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ПРОКУРАТУРА**
**НАРЫНСКОГО РАЙОНА**

722600, г.Нарын, ул.Жамгырчы уулу А., 11
тел.: +9963522 5-09-79, факс: 5-09-79
narynray_prok@mail.ru р/с №1290244131430030
ОКПО 20032278 ИНН 02611199710057

№ 11-21
«23» 11 2021 год

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана
референдум өткөрүү боюнча Борбордук
комиссиясынын төрайымынын орун басары

Н. Койчукеевге

Сиздердин 10.11.2021-жылы Нарын райондук прокурорунун наамына 09-09/1235 сандуу Кыргыз Республикасынын ЖКна №33 бир мандаттуу Нарын шайлоо округунан депутаттыка талапкер У.Бакасовдун жакын тууганы Нарын областтык ИИБдин орун басары болуп иштеп тургандыктан анын шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган фактыларын жаап жашырууга көмөктөшүүсү мүмкүн экендигин көрсөткөн Нарын областына караштуу Ат-Башы районунун [redacted] айылы, [redacted] көчөсү № [redacted] үйүнүн тургуну А.Б.Бейшеналиевдин жана башка дагы 12 адам кол койгон билдирүүсүн Нарын райондук ИИБдин АМС КЖБРне каттоого алынган 03-026-22021-000352 сандуу сотко чейинки өндүрүш жазык иши менен кароо үчүн жиберилген катыныздарга кошумча төмөндөгүлөрдү билдиребиз.

Кыргыз Республикасынын ИИМнин Башкы Штабынан 18.10.2021-жылы келген маалыматка ылайык, Нарын районунун [redacted] айылынын [redacted] көчөсү № [redacted] үйүнүн тургуну Капаров Чынгыздан келип түшкөн маалымат боюнча Кыргыз Республикасынын ЖКна №33 бир мандаттуу Нарын шайлоо округунан депутаттыка талапкер У.Бакасов тарабынан добуштарды сатып алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 28-ст. 3-п. талаптарын одоно түрдө бузуп, Нарын районунун Эмгек-Талаа, Хутор Ак-Талаа, Ак-Кудук, 8-март жана Шоро айыл өкмөттөрүнө кум-шагыл ташып келип төгүп берип жаткандыгын көрсөткөн.

Бул факты 18.10.2021-жылы Нарын областык ИИБдин АМС МЭЖне №02-054-2021-000097 саны менен катталып, Кыргыз Республикасынын ЖПКнин 153-беренесине ылайык топтолгон материалды караштуулугу боюнча мыйзам чегинде чечим кабыл алуу үчүн Нарын райондук ИИБге жиберилген.

Аталган факты 19.10.2021-жылы Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 192-ст. 2-б.2-п. менен Нарын райондук ИИБдин улук тергөөчүсү милициянын капитаны [redacted] тарабынан АМС КЖБРге №03-026-2021-000352 саны менен катталып, тергөө амалдары жүргүзүлгөн.

Тергөөнүн жүрүшүндө билдирүү ээси Бишкек шаарынын [redacted] көчөсү № [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Капаров Чынгыз билдирүүсү боюнча көрсөтмө берип, Борбордук шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын ЖКнын депуттатыгына талапкерлигин өзүн-өзү көрсөтүү үчүн каттоого барган учурда ооз эки добуш сатып алуу фактыларын алдын алуу максатында гана мыйзамдуу иш-аракеттерди алып баруу үчүн билдирүү калтырганын айткан. Кыргыз Республикасынын жараны Улан Бакасов аттуу адамды жаран катары сыртынан

таанырын билдирип, аны менен мурда-кийин эч кандай алыш бериши жок экендигин айтып, мындан сырткары болуп жаткан маалыматтарды гана мыйзамдуу текшерип мыйзам чегинде чечим кабыл алуусун өтүнгөндүгүн билдирип өз көрсөтмөсүн берген.

Ошондой эле Бишкек шаарынын [redacted] көчөсү № [redacted] кв [redacted] үйүнүн тургуну [redacted] -жылы туулган Бакасов Улан Б [redacted] өз көрсөтмөсүндө жогорудагы катталган билдирүү боюнча Нарын районунун Хутор-Акталаа, Эмгек-Талаа, 8-Март, Шоро, Ак-Кудук айылдарынын автожолуна кум, шагыл түшүрүү боюнча эч кандай тиешеси жок жана бул боюнча эч жерге кум, шагыл, түшүрүп берем деген аракеттери болбогондугун айтып көрсөтмөсүн берген.

Бул боюнча Нарын районунун Хутор-Акталаа, Эмгек-Талаа, 8-Март, Шоро, Ак-Кудук айылдарынын айыл өкмөт өкүлдөрү аталган Нарын-Бастов автожолунун 25 чакырымындагы 3 км/ч автожолун оңдоп-түздөө иштерин жүргүзүү үчүн кат жүзүндө 2018-жылдан тарта КР Президентине, КР Жогорку Кеңешине, Транспорт Министрлигине, Нарын облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнө, Жол тейлөө мекемелерине бир нече жолу кайрылышып келе жатышып, акыры 2021-жылдын Нарын райондук №8 Жол тейлөө мекемесинин иш-планына киргизилип, аткаруу мөөнөтү 2021-жылдын сентябрь айларына туш келгендигин билдиришкен.

Жогорудагы айыл өкмөттүн билдирүүлөрүнө ылайык №8 Жол тейлөө мекемесине кат жүзүндө толук маалымат суралган учурда, Нарын районунун Он-Арча-Жаңы-Талап-Ашырма автожолунун Развилка-Хутор-Акталаа 3 чакырым бөлүгүнө кум-шагыл аралашмасын төгүп түздөө жумушуна мамлекеттик бюджеттен 900.000 (тогуз жүз миң) сом атайын акча каражаты каралган. Анын ичинен май айында 200,0 миң сом бөлүнүп келген, андан кийин август айында 300,0 миң сом бөлүнүп берилген. Бул бөлүнүп келген акча каражаттарына жумушту жүргүзүү үчүн атайын тендерден уткан "Кыргыз-Нафта" ЖЧКна №ДК-962/21 КН номерлүү 7-июнь 2021-жылы келишимдин негизинде (358200) сом менен уткан, 08.09.2021-жылы №129 поручение менен 300.000 сом күйүүчү майга которулган. Ошондой эле "Инвиктус" ЖЧКна 30.03.2021-жылы №1 түзүлгөн келишимдин негизинде (118500) сомго уткан запастык бөлүктөргө 27.10.2021-жылы №259 поручение менен 107.000 которулган. "Шнос" ЖЧКсы менен №Ш-21/Т/0660 06.09.2021-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде (324935) сомго уткан, 13.09.2021-жылы №215 поручение менен 100.000 сом акча каражаты которулган. Калган 400.000 миң сом акча каражаты каржылана элек, каржыланса айлык акыга, соцфонд жана сметалык проектисин түздүрүү акысына ж.б. жумшалат. Бүгүнкү күндө бул 3 чакырым жол бөлүгүндө кум-шагыл төгүп түздөө иштери толугу менен аткарылып бүттү деп билдирүүсүн берген.

Мындан сырткары Нарын районунун Хутор-Акталаа, Эмгек-Талаа ж.б. айыл тургундары сураган учурда алар Улан Бакасов аттуу адамды көрүшпөгөндүгүн жана эч кандай анын кум, шагыл ташып келип берип жаткандыгы боюнча маалыматтары дагы болбогондугун көрсөтүшкөн. Автожолду оңдоп-түздөө иштеринин жүргүзүлгөндүгүн көрүшкөн. Бирок эч кандай Улан Бакасов аттуу жаранды таанышпагандыгын жана андай адамды көрүшпөгөндүгүн билдиришип көрсөтмөлөрүн беришкен.

Тергөөнүн жыйынтыгы менен, 2021-жылдын 31-октябрында Нарын райондук ИИБдин тергөө кызматынын улук тергөөчүсү [redacted] тарабынан сотко чейинки өндүрүш иши Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-бер. 1-б. 2-п. негизинде кыскартылган.

Нарын райондук прокуратурасы тарабынан Сиздерден келген билдирүүнүн негизинде жазык иши көзөмөл иретинде окулуп чыгып, аталган билдирүүдөгү көрсөтүлгөн фактылар боюнча кошумча тергөө аракеттери жүргүзүлүп, талапкер У.Бакасовдун кайсы жакын тууганы Нарын областтык ИИБде кандай кызматта иштеп тургандыгы, анын шайлоо мыйзамдарынын талаптарын бузган кайсы фактылары боюнча жаап жашыруу иштерин жүргүзүүсү мүмкүн экендигин, Ч.Капаровдун билдирүүсүндөгү фактылар боюнча билдирүү ээлерине эмнелер белгилүү экендигин тактоо максатында билдирүү ээлеринс суроктарды жана башка тергөө аракеттерин жүргүзүү менен тактоо үчүн тергөөчүнүн жазык ишин кыскартуу жөнүндөгү токтому 11.11.2021-жылы жокко чыгарылып, иш кошумча тергөө аракеттерин жүргүзүү үчүн Нарын райондук ИИБге кайтарылып жиберилген.

Кошумча тергөөнүн жыйынтыгы менен жана Нарын областтык ИИБдин кызматтык териштирүүсүнүн корутундусуна ылайык 22.11.2021-жылы Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 26-бер. 1-б. 2-п. негизинде кайрадан өндүрүштөн кыскартылды. Жазык иши Нарын райондук прокуратурасы тарабынан көзөмөл иретинде окулуп чыгып мыйзамдуу кыскартылгандыгы тууралу корутунду түзүлдү.

Тиркемеде: Токтомдун кочурмосу 4 баракта.

Нарын районунун прокурору Д. Эрмеков